*Кыргыз Республикасынын*
*Эсептөө палатасынын Кеңешинин*
*2024-жылдын 23-майындагы*
*№ 01-22/21 токтомунун 2-тиркемеси*

# Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишиндеги коррупцияга каршы стандарт

## Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) ишиндеги Коррупцияга каршы стандарт (мындан ары – Коррупцияга каршы стандарт) коррупцияга каршы туруу тутумун түзүү, коррупциялык көрүнүштөр үчүн шарттарды түзгөн факторлорду четтетүү максатында түзүлгөн.

1.2. Коррупцияга каршы стандарт Эсептөө палатасынын ишинде мамлекеттик тышкы аудит чөйрөсүндө, мамлекеттик кызматка кирүүдө жана кызмат өтөөдө өз функцияларын жүзөгө ашырууда жана ыйгарым укуктарын аткарууда колдонулат.

1.3. Коррупцияга каршы стандарттын колдонулушун регламенттөөчү ченемдик-укуктук актылардын тизими:

- «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

- 2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 ПЖ)

- «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы;

- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

1.4. Коррупцияга каршы стандарт мамлекеттик тышкы аудит чөйрөсүндө, Эсептөө палатасына мамлекеттик кызматка кабыл алууда жана кызмат өтөөдө коррупцияны алдын алууну камсыздоочу тыюулардын, чектөөлөрдүн, жол берүүлөрдүн бирдиктүү тутумун түшүндүрөт.

Коррупцияга каршы стандарт Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин аткарышы үчүн милдеттүү болуп саналат, алар Коррупцияга каршы стандартты колдонбогондугу, же аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

Коррупцияга каршы стандарттын аткарылышын төмөнкүлөр камсыздайт:

- төрага, аудиторлор, аппарат жетекчиси, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр;

- Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругуна ылайык, Эсептөө палатасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ишти уюштуруу үчүн жооптуу катары дайындалган жактар;

1.5. Белгиленген тыюу салууларды, чектөөлөрдү жана жол берүүлөрдү сактоо тартибине жана контролдоо формаларына карата талаптар:

- бош кызмат орундарды ээлөөгө жана Эсептөө палатасынын кадрлар резервине киргизүүгө конкурстук комиссияларды түзүү;

- кызматкерлердин негизги укуктарын жана милдеттерин так регламенттөө;

- аудитордук иштин уюштуруучулук процесстерин регламенттештирүү;

- коррупциялык укук бузуулардын ыктымалдыгы тууралуу маалыматты мониторингдөө;

- кезектеги отчеттук жыл сайын Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматкеринин өз кирешеси, чыгымдары, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмеси, ошондой эле жубайынын (күйөөсүнүн) жашы жете элек балдарынын кирешеси, чыгымдары, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмеси тууралуу маалыматтарды даярдоону камсыздоо;

- Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин белгиленген тыюу салууларды, чектөөлөрдү жана жол берүүлөрдү бузуу фактылары, же аларды бузуу аракеттери тууралуу билдирүүсү, кайрылуусу, арыз берүүсү боюнча милдеттүүлүгү;

- коомдук бирикмелердин, уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жарандардын белгиленген тыюу салууларды, чектөөлөрдү жана жол берүүлөрдү бузуу фактыларын, же аларды бузуу аракеттери тууралуу билдирүүлөрүн жана арыздарын кароонун милдеттүүлүгү;

- Республиканын Эсептөө палатасынын кызматкерлери (инспектордук курам) менен аудитордук иш-чараларды жүргүзүүдө коррупцияга каршы жүрүм-турум эрежелери жөнүндө нускама жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү;

- Республиканын Эсептөө палатасынын Регламентинин жана Эсептөө палатасынын ишин уюштуруу жана тышкы аудит стандарттарынын талаптарын сактоонун милдеттүүлүгү;

- Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматкерлеринин кызматтык жүрүм-турумуна талаптардын сакталышын кароо жана кызматтык текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча комиссиянын ишинин милдеттүүлүгү;

- Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматкерлерин коррупцияга каршы укуктук агартуунун милдеттүүлүгү;

- Эсептөө палатасынын ишинде тышкы мамлекеттик аудитти жүзөгө ашырууда, мамлекеттик кызматка кабыл алууда жана кызмат өтөөдө ачык-айкындуулук принцибин камсыздоо.

2. Атайын бөлүк

2.1. Кызматкердин жүрүм-турум эрежеси.

Эсептөө палатасынын кызматкерлери мамлекет, коом жана жарандар алдындагы жоопкерчиликти сезүү менен өз ишинде төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин Этикалык кодексин сактоого;

- кызматтык милдеттерин ак ниеттүү, жогорку кесипкөй деңгээлде аткарууга;

- адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин таануу, аны сактоо жана коргоо анын кесипкөй кызматтык ишинин маани-маңызын аныктай тургандыгын билүү;

- өзүнүн кесипкөй кызматтык ишин «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүү;

- бардык жеке жана юридикалык жактарга бирдей, калыс мамилени камсыздоо, кандайдыр бир жарандарга, ишканаларга (аудит субъектилерине) мекемелерге, же уюмдарга карата бир жактуу мамиле кылууга жол бербөө;

- кызматтык милдеттерди ак ниет аткарууга тоскоолдук келтирген жеке, мүлктүк (финансылык) жана башка кызыкчылыктардын таасирине байланыштуу иш-аракеттерди жасабоо;

- мамлекеттик кызматкерлер үчүн, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө жана башка мыйзамдар менен белгиленген, чектөөлөрдү жана тыюу салууларды сактоо;

- өзүнүн кесипкөй кызматтык ишине саясий партиялардын, коомдук, диний бирикмелердин жана башка уюмдардын чечимдеринин таасир тийгизүүсүн четке каккан бейтараптыкты сактоо,

- анын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген иштерди жасабоо;

- аудит субъектилеринин өкүлдөрүнө (кызмат адамдары), жарандарга кайрылууда туура жүрүм-турумду көрсөтүү;

- анын беделине, же мамлекеттик органдын аброюна доо келтире турган чыр-чатактуу жагдайларга жол бербөө;

- эл алдында сүйлөөнүн жана кызматтык маалымат берүүнүн белгиленген эрежелерин сактоо.

2.2. Мамлекеттик кызматкерлердин ишинде коррупциянын алдын алууну камсыздоочу тыюу салуулар, чектөөлөр жана жол берүүлөр.

Тыюу салуулар, чектөөлөр жана жол берүүлөр Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарынын ченемдерине ылайык белгиленет.

2.2.1. Төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

- кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу жеке жана юридикалык жактардан сый акы алуу (белектер, акчалай сыйлыктар, ссудалар, кызмат көрсөтүүлөр, оюн-зоок, эс алуу, транспорт чыгымдарын төлөө жана башка сыйлыктар);

- материалдык-техникалык каражаттарды, финансылык камсыздоону, башка мамлекеттик мүлктү, кызматтык маалыматты кызматтык эмес максатта пайдаланууга;

- ишкерлик менен алектенүүгө (жекече иштен тышкары);

- мамлекеттик органда үчүнчү жактардын иши боюнча ишенимдүү өкүлү, же өкүлү болууга;

- мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары чыгуу;

- мыйзамга ылайык жеке мүнөздөгү маалыматтарга кирген маалыматтарды, же кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ага маалым болгон кызматтык маалыматтарды мамлекеттик кызматка байланышпаган максатта пайдалануу, же ачыкка чыгаруу.

2.2.2. Төмөндөгүлөргө чектөө коюлат:

- Эсептөө палатасында конкурстан тышкары кызмат ээлөөгө;

- коррупциялык укук бузууларды жасаган жактарга кызматта отурууга, жогорку кызматка дайындалууга, кызматтан жогорулатууга, жеңилдиктерди, же артыкчылыктарды берүүгө;

- мыйзамда белгиленген маалыматтарды бербөөгө, же кирешеси, мүлкү жана мүлктүк милдеттенмелери жөнүндө атайылап жалган маалыматтарды берүүгө;

- чектөөлөрдү жана тыюу салууларды, кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу, же анын алдын алуу жөнүндө талаптарды жана өз милдеттерин аткарбаган учурда ага болгон ишенимди жоготууга байланыштуу кызмат ордун ээлөөгө;

- эгерде кызмат орду түздөн түз баш ийүү менен байланыштуу болсо, же кызматкер менен жакын туугандык мамилесинин болушу (ата-энеси, жубайлар, балдары, ага-инилери, эже-сиңдилери, ошондой эле аялынын, же күйөөсүнүн ага-инилери, эже-карындаштары, ата-энелери, жубайлардын балдары жана балдардын жубайлары) алардын биринин экинчисине көзөмөлдө болушу;

2.2.3. Төмөндөгүлөргө жол берилет:

- Эсептөө палатасында мамлекеттик кызмат ордун ээлөө үчүн конкурска катышуу;

- кызматкерлердин эмгек акысынын жана социалдык жактан коргоо деңгээлин жогорулатуу;

- Эсептөө палатасынын кадрдык резервинде турган жактарга жана өзүнүн кызматтык милдеттерин кынтыксыз аткаргандыгы, чынчылдыгы жана сатылбастыгы үчүн артыкчылык белгилерин алган жактарга Эсептөө палатасындагы кызмат ордуна дайындоодо, мамлекеттик жарандык кызмат боюнча жогорулатууда артыкчылыктарды берүү;

- өзүнүн кызматтык милдеттерин кынтыксыз аткаргандыгы, чынчылдыгы жана сатылбастыгы үчүн сыйлоо, анын ичинде мамлекеттик, ведомстволук сыйлыктарга, ардактуу наамдарга, класстык чиндерге жана башка артыкчылык белгилерге көрсөтүү маселесин чечүүдө эске алуу;

- кесиптик өнүгүү;

- ишти маалыматтык камсыздоо;

- коррупцияга каршы иш чөйрөсүндө укуктук агартуу;

- мамлекеттик кызматкердин арызы боюнча кызматтык текшерүү жүргүзүү;

- кызыкчылыктардын кагылышуусун алып келбеген учурда жалдоочунун өкүлүнүн алдын ала билдирүүсү менен акы төлөнүүчү жана башка иштерди аткаруу.